**Окумуштуу, педагог**
**Эшенаалы Арабаевдин**
**чыгармалары**

# ЖЕТИМ

Мектепке бара жатып бир баланы көрүп боорум ооруду. Кычыраган кыш башталып, суук түшкөн кез эле. Бир тамдын бурчунда бир бала шүмүрөйүп олтурат. Жанына басып барып, эмне олтурасың дедим. Мени бир жалт карап алды да улутунуп койду.

- Кимдин баласысың? Атың ким?- деп сурадым.

- Менин ата-энем жок. Атам мурда эле кайтыш болгон, энем мурда күнү... деди да, ары жагын айта албай
жашып, төмөн карап буркурап ыйлап жиберди.

Көзүнөн мончок-мончок төккөн жашын көрүп, менин да муунум бошой түштү. Үстү - башын абайлап карасам жыртык жамаачылуу, бирок кири жок таза экен. Атын кайра сурасам, «Бөкөй» деп жооп берди. «Жүрү Бөкөй»,- деп мектепке ээрчитип бардым. Бөкөйдүн жайын мугалим агайга айттым. Агай Бөкөйдү көрүп аяды. Боору ачыган агай: «Бөкөй, чырагым, бул мектепке окусаң жакшы болот. Мен сени ини кылып алайын. Бар нерсеңдин бардыгын даярдап берем», - деди. Кубанычтан Бөкөй ыйлап жиберди. Бардыгыбыз аны ичибизден аяп турдук. Бирибиз кагаз, бирибиз карандаш, бирибиз дептер бердик. Агай болсо кийим, тамак, китептерди берип, үйүнө ээрчитип кетти.

Бөкөй тез эле көнүп, сабакты жакшы окуй баштады. Балдардын баары аны жакшы көрүшөт.

# СИРОТА

У нежилого дома, съежившись, сидел какой-то мальчик. Я увидел его, когда шел в школу, и мне стало его жалко. Была холодная зима. Я подошел к нему и спросил:

- Что ты здесь сидишь? Он недоверчиво посмотрел на меня.

- Как тебя зовут?

- У меня нет родителей: папа давно умер, а мама умерла позавчера, - сказал он и громко заплакал.

Мне стало не по себе. Его одежда была в заплатках, но чистая. Звали мальчика Бокой. Я взял его с собой в школу. Там рассказал учителю про этого мальчика. Он его пожалел и предложил учиться в школе:

- Будешь моим братишкой, - сказал он. От радости Бокой заплакал.

Нам всем искренне было его жаль. Все дети поделились с ним, кто карандашом, кто тетрадью. А учитель дал ему одежду, еду, книги и забрал к себе домой. Он быстро привык к нам и начал учиться хорошо. Все дети полюбили его.

# МУКАШ

Жаздын күнү эле. Биздин мектептин балдары окуп жатышкан. Мукаш да биз менен окучу. Мукаш абдан жалкоо окуучу эле. Бир күнү Мукаш мектепке барам деп , үйүнөн чыкты да, жалкоолугу кармап токойго кетип калды. Токойдон сайрап жаткан бир кооз чымчыкка кезикти. Чымчыктын ыры Мукашка абдан жакты.

-Бул ырды кайдан үйрөндүң? -деп сурады.

-Мектептен үйрөндүм,- деди да чымчык учуп кетти. Мукаш башка бир чымчыкка кезигип:

-Мага бир аз сайрап берчи,- деди. Чымчык:

-Мен сендей бекер эмесмин, ойногонго убактым жок,-деп жооп берди. Мукаш андан ары жүрүп олтуруп бал тартып жаткан аарыга кезикти.

-Кел, аары, кубалашып ойнойбуз,- деди эле, аары:

-Мен бекер эмесмин. Ойногонго убактым жок. Балдарыма бал тартамын, кышка азык даярдаймын,- деп жооп кайтарды. Дүйнөдө бекер жүргөн жан жок экенин билген соң, Мукаш мектепке жүгүрдү. Ошондон кийин гана Мукаш жалкоолугун таштап, жакшы шакирт болду.

# МУКАШ

Был весенний день. Учащиеся нашей школы были на занятиях. У нас был ученик Мукаш, которого все звали лентяем. Однажды Мукаш вышел из дома, чтобы пойти на учебу, но по дороге ему стало лень, и он пошел гулять в лес. В лесу встретил поющую красивую птичку, пение которой понравилось ему. Он спросил у нее:

- Где ты научилась так петь?

- В школе, - ответила она.

Мукаш пошел дальше и встретил еще одну птичку, которую попросил для него спеть.

- Я занята, у меня нет времени играть, - ответила птичка.

Потом он встретил пчелку, которая собирала мед. Мукаш предложил ей поиграть в догонялки.

- Я готовлю на зиму припасы и не могу играть, - ответила пчелка.

Поняв, что на земле нет ни одного не занятого делом существа, он побежал в школу. После этого случая он стал лучшим учеником в школе.

# МЕКТЕП БАЛАСЫ

Шир топ бала козу кайтарып жүрүп торгойдун балапанын кармап алышты. Балдар балапандын канатын кыркып, бутуна жип байлап учуруп ойномокчу болушту. Балдардын арасында мектепте окуган Абыл деген бир бала бар эле, балапанга боору ооруп:

- Койгула, тентуштар, бул деле биз сыяктуу мууну ката элек жаш. Кыйнабай коё берели, мунун да биздикиндей ата-энеси бар,- деп балдарга айтты.

Абылдын сөзүн балдар кабыл алышты да, балапандын оозуна түкүрүшүп, шилекей алышып дос болуп, коё беришти. Балапан тууралуу болгон ишти атасына айтты эле, атасы кубанып Абылга китеп, кагаз, карандаш сатып берди.

# ШКОЛЬНИК

Ребятишки, пасущие в поле ягнят, поймали птенца жаворонка. Они решили обрезать ему крылья и привязать к его лапке веревку. Среди детей был Абыл, которому стало жалко птенца:

- Перестаньте, он же, как и мы, маленький. Ведь у него тоже есть родители, - сказал он. Дети послушали Абыла и отпустили птенца.

Придя домой, мальчик рассказал все отцу, который, обрадовавшись его поступку, купил ему новые канцелярские товары.



# ТЕКЕ МЕНЕН ЭРКЕЧ

Малдыбайдын айылынын жанында шаркырап аккан чоң суу бар. Ал сууга бир чумкуп алалы деп бардык. Малдыбайдын кою суунун жээгинде жайылып жатыптыр. Балбанга түшчүдөй болуп койлордун кулжадай болгон ак эркечи турат. «Балбанмын деп сен менден коркпосоң, мен сенден эмнеге коркмок элем»,-деп намыстанган теке эркечтин жанына басып келди.

Эркеч менен теке суунун жээгиндеги жардын башында тогошо калышты. Теке жөн турбастан, секирип келип эркечти сүзүп калды. Карсылдатып сүзүшүп, көпкө чейин кармашышты. Баштары кызыл - ала кан болгонуна карабай, күчөп кармашып жатышкан кезде экөөнүн тең арткы буттары жардан тайып кетти. «Күп» деп, сууга экөө тең кулап түштү. Алар кулап бара жатканда, карап тура албай, көзүмдү жуумп жиберген элем. Бир аздан кийин ачып карасам, теке да жок, эркеч да жок. Шордуулар экөө тең абайлабай, аңга туш келишиптир.

# ДВА КОЗЛА

Рядом с селом Малдыбая течет быстрая и шумная река. Мы пошли искупаться в ней. Стадо овец Малдыбая паслось на берегу реки. Среди них выделялся белый молодой козел. Вдруг к нему для схватки подошел черный козел, явно хотевший показать свою силу. На краю пропасти началась нешуточная схватка. Первым начал черный козел. Подпрыгнув, он начал бодать белого козла. Они дрались, несмотря на то, что их головы были уже в крови. Вдруг одновременно их задние копыта соскользнули в пропасть. Не удержавшись, они полетели в воду. Когда они падали, я закрыл от испуга глаза.



# АКЫЛДУУ **СОКУР**

Караңгы түндө бир сокур колуна чырак кармап келе жаткан. Жолдон өтүп бара жаткан бирөө айтты:

-Мына, акмак! Өзү сокур туруп, колуна чырак кармап алат. Ой, сокурга чырактын эмне кереги бар?!

Анда экинчиси жооп кайтарды:

-Жок, сокур акмак эмес. Ал акылдуулугунан колуна чырак алып жүрөт,болбосо караңгыда бирөө согуп жыгып кетпейби.

Өзүңө урунбас үчүн өзгөгө жарык кыл!

# УМНЫЙ СЛЕПОЙ

В темную ночь один слепой шел с зажженной лампой. Один прохожий стал у него спрашивать:

- Ты, что глупый, зачем тебе свет?

На что, второй прохожий ответил ему:

- Нет, он умный. В темноте, кто-нибудь наткнулся бы на него и начал его ругать, а с зажженной лампой ему это не грозит.

# ЭРИНЧЭЭК БАЛА

Бир бала ата-энеси менен жол жүрүп келе жатса, жолдо камчы жатыптыр. Атасы балага: «Камчыны алып ал»,- десе, ал аттан түшкүсү келбей, «Камчынын эмне кереги бар?»,- деп тил албай койгон. Ошондо атасы камычыны өзү түшүп алып, жолдо аны бир кадак чиеге саткан. Ысыктын күнүндө бала суусап, энесинен чие сураган. Энеси билмексен болуп, колунан бир-экөөнү түшүрүп жиберген. Бала аттан түшө калып, аларды алып жеди. Андан кийин дагы бир - экөөнү түшүрүп жиберген, бала дагы алган. Ошондо атасы: «Балам, бир жолу түшүүдөн эриндиң эле, эми үч жолу түштүңбү», - деди.

# ЛЕНИВЫЙ МАЛЬЧИК

Один мальчик шел с родителями по дороге и увидели на земле камчу. Отец попросил сына поднять камчу, на что он поленился слезть с коня и отказался это сделать. «Зачем нам камча?» - сказал он. Тогда отец сам слез с лошади и взял камчу. По дороге продал ее за ведро вишни. Было очень жарко, и сын попросил у матери поесть вишни. Мама сделала вид, что не слышит его, и нечаянно уронила пару вишен на землю. Увидев, что они упали, он поднял их с земли и съел. Это продолжалось раза три. Наблюдавший за ним отец сказал сыну: «Ты поленился один раз слезть с лошади, а пришлось сделать это три раза».



# ТАЛАШ

Чычкандын эки баласы ийин талашып кетишти. Ийиндин томпогуна чыгышты да, талашын уланта беришти. Экөөнүн талашып жатканын асмандан күйкө көрдү. Талаш абдан кызыган маалда күйкө акең экөөнү тең илип кетти.

Жакын талашса жатка жем.

# СПОР

Двое мышат начали драться из-за норки. В пылу драки, они оказались снаружи норки. С неба за ними наблюдала хищная птица, которая воспользовалась этим и напала на них. Недаром говорят: родные ругаются, врагам хорошо.





# КАРГА МЕНЕН КУМУРА

Ысык күндө карга абдан суусап, суу издеп жүрүп, талаадан бир суулуу кумураны тапты. Кумурада суу болсо да, сууга карганын оозу жетпеди. Карга амал ойлоп майда таштарды терип кумурага сала берди, кумуранын түбүнө таш салган соң, суу жогору көтөрүлө баштады. Ошентип карга суудан абдан ичип суусунун кандырып алды.

Ар иштин адебин билиш керек.

# КУВШИН И ВОРОНА

Один жаркий день одна ворона нашла в поле красивый кувшин и захотела испить из него. Хотя в кувшине и была вода, но клюв вороны не доставал до нее. Однако ворона нашла выход. Она стала бросать в кувшин мелкие камешки. Когда кувшин наполнился маленькими камешками, вода поднялась вверх и ворона насытилась водой.



# ЖЫРТЫК КӨНӨК ЖЕҢИЛИРЭЭК

Бир аял булактан суу алып келе жатты. Көнөгү жыртык эле. Барган сайын суусу куюлуп, көнөгү жеңилдей берди. Аял буга кубанып, көтөрүп келе берди. Үйүнө келип караса көнөктө бир жутумдай гана суу калыптыр. Эмгеги аздын - өнмөгү аз.

# ЛЕГКОЕ ДЫРЯВОЕ ВЕДРО

Одна женщина несла с родника воду. У нее было дырявое ведро. Потихоньку вода вытекала из ведра, и оно стало легче. Женщина несла ведро и радовалась, что оно стало легче. Придя домой, она увидела, что вода-то на донышке.



# ЖАЛГАНЧЫ

Бир киши келе жатып, «Өрт чыкты, өрт чыкты!», - деп кыйкырып кишилерди чакырды. Кишилер келсе, өрт жок. Бир күнү өзүнүн үйү өрттөнүп, эшикке чыгып, «Өрт чыкты!»,- деп кыйкырса, «Ал жалган айтып жатат»,- деп эч ким келбей койду. Ошентип, үйү бүт өрттөнүп кетти.

# ЛГУН

«Пожар, пожар!» - кричал один человек, собирая людей. Собрались люди - нет пожара. Однажды, когда на самом деле, загорелся его дом, никто ему не поверил и не помог. Вот так, весь его дом сгорел дотла.



# АРСЫЗ ИТ

Күн абдан ысык эле. Ат араба тартып келе жатты. Арабанын көлөкөсүндө бир ат тилин салаңдатып акактап келе жаткан эле. Жолунан тааныш ит чыгып:

- Кайдан келе жатасың? - деп сурады. Анда арабанын астында келе жаткан ит:
- Жол ыраак, арабаны араң тартып келе жатам, - деп өзгө жасаган ишти өзүнө ыйгара жооп берди.

# САМОУВЕРЕННАЯ СОБАКА

Было очень жарко. По дороге ехала повозка. В тени ее бежала, высунув язык, собака. По дороге ей встретилась знакомая собака.

- Откуда идешь? - спросила она.

На что первая ответила:

- Вот еле везу повозку: дорога длинная. Вот так собака присвоила себе то, что сама не делала.



# ЭКИ УЛАК

Эки улак суу үстүндөгү көпүрөнүн эки башынан бири-бирине карама-каршы келе жатышты. Бири-бирине жол бергилери келбейт. Көпүрөнүн үстүндө сүзүшүп, экөө тең сууга кулап түштү.

# ДВА КОЗЛЕНКА

На мосту встретились два козленка, которые не хотели уступать друг другу дорогу. Затеяв драку на мосту, оба упали в воду.



# КУМАЙЫК ИТ

Бир ит сөөк тиштеп сууну бойлоп келе жатып, өзүнүн суудагы көлөкөсүн көрдү. Анын оозундагы сөөгүн алам деп умтулганда, өз оозундагы сөөгү суугa түшүп кетти.

# СОБАКА ПО ПРОЗВИЩУ КУМАЙЫК

На берегу реки бежала собака с костью. Увидев свое отражение, она захотела взять и эту кость, но уронила свою кость в воду.



# БАКА МЕНЕН ЧЫЧКАН

Бака менен чычкан дос болушту. Бала чычканды суу боюна алып барды. Суу жээгине барган соң, бака сууга түшүп, сүзүп кетти. Анын артынан чычкан да түшүп, сууга чөгүп, тумчугуп, араңдан зорго жээкке чыкты. Ошондо чычкан экинчи баканыкына конокко барбаска ант берди.

# ЛЯГУШКА И МЫШЬ

Лягушка и мышь были друзьями. Однажды мышь пошла в гости к лягушке на берег реки. Лягушка стала плавать в воде. Мышь нырнула за ней и чуть не утонула. Еле-еле выплыла. После этого мышь дала обещание никогда не ходить в гости к лягушке.



# КАЛПЫЧЫ МЫШЫК

Бир мышык үйгө кирди да, бою жеткен жерден жегидей эч нерсе таба албады. Алабакандын эң жогорку башкы ачасында эң сонун сүрлөр илинип турган экен. Канча аракет кылса да ага чыга албай айласы куруду. Ошентип жүргөндө башка дагы бир мышык келип:

- Эмне таптың? - деп сурады. Анда баштагы мышык: - Эт көп, баары сасык, аны ким жесин! - деп жооп берди.

Жетпеген жекчил.

# ОБМАНЩИК

Кошка, зайдя в дом, не нашла ничего съедобного. На складе на самом высоком месте висело вяленое мясо. Сколько бы она не старалась, не смогла достать его. К ней подошла еще одна кошка и спросила:

- Ну, что ты нашла?

Кошка ответила:

- Много мяса, но оно пропахшее, кто его будет есть?



# КАРЫШКЫР МЕНЕН КОЗУ

Карышкыр суунун жогору жагында туруп, козуну көрүп калды. Бир шылтоо таап, козуну жеш үчүн ага мындай деди: «Ай, козу, мен иче турган сууну эмне үчүн ылайлап жатасың!». «Каке, мен сен иче турган сууну ылайлаган жокмун, сен жогору жакта турасың, а мен төмөн жактан ичип жатпаймынбы», - деди козу. Ошондо карышкыр сөз таппай калып, «Сен былтыр менин атамды да сөккөнсүң», - деди. Анда козу: «Мен былтыр туула элек болсом, кантип атаңды сөгөм?», -деп жооп берди. «Сен эмне үчүн мага каяша сүйлөйсүң?», - деп карышкыр байкуш козуну жеп койду.

# ВОЛК И ЯГНЕНОК

На берегу реки волк увидел ягненка. Он захотел съесть его.

- Эй, ягненок, ты что загрязняешь мою воду? - сказал он.

- Извини, я же пью с нижнего берега, а ты с верхнего, как я могу загрязнить твою воду? – сказал ягненок.

- А почему ты в прошлом году оговаривался с моим отцом? - спросил волк.

Тогда ягненок ответил:

- Если в прошлом году я еще не родился, как я мог оговариваться с твоим отцом?

- Почему ты со мной оговариваешься, разозлился волк и съел бедного ягненка.



# АТА АКЫЛЫ

Атасы балдарына канча ирет ынтымактуу болгула деп айтпасын, балдары тилин албай араздаша беришиптир. Бир күнү атасы бир байлам сабоону алып келип:

- Сындыргылачы, балдар, -деди. Балдары улам бири алып, сабоону сындыра алышпады. Сабоону чечип атасы балдарына:

- Кана, эми сындыргылачы,- деп бирден берди,балдары бат эле сындырышты. Ошондо атасы:

- Ээ, балдарым, силер араздашып араңар ачылса, ушул сабоодой болосуңар. Эгер биригип жүрсөңөр. жоонун силерди жеңиши кыйын болот,- деп акылын айтты.

Тирдиктин күчү бирдикте.

# СОВЕТ ОТЦА

Сколько бы ни говорил отец своим сыновьям жить дружно, они его не слушали. В один прекрасный день отец принес охапку хвороста и предложил:

- Попробуйте сломать каждый по одной ветке. Сыновья быстро справились с этой задачей. Тогда отец сказал:
- Эх, дети, если вы объединитесь, то вас трудно будет сломить, но если будете все время враждовать, то будете подобно этому хворосту. Наша сила в единстве.



# ЖЫЛ БАШЫ БОЛУУНУ ТАЛАШУУ

Жылкы, кой, уй, төө, чычкан, ит, доңуз, улуу, барс, коён, мечин, жылан болуп чогулушуп, жыл башы болууну талашып калышат.

- Жыл башы мен болом, мен болушум керек! - деп ар кимиси өз жүйөөлөрүн айтып киришет.

Чычкан кургурдун айта турган жүйөөсү болбогондуктан, көпкө ойлонуп туруп, мындай дейт:

- Минтип талашуудан эчтеке чыкпайт, андан көрө бардыгыбыз жылды карап туралы, кимибиз мурун көрсөк ошонубуз жыл башы бололу, - дептир.

Төөнүн бою бийик болгондуктан, чычкандын сөзүнө макул болуптур. Ошентип, бардыгы жарданып жылдын келишин карап турушат. Чычкан төөнүн өркөчүнө чыгып алып келе жаткан жылды бардыгынан мурда көрүптүр да жыл башы болуп калыптыр.

Боюнун бийиктигине ишенген төө жылдан куру калат.

# НАЧАЛО ГОДА

В один прекрасный день собрались лошадь, овца, корова, верблюд, мышь, собака, свинья, дракон, змея, тигр, заяц, обезьяна и начали спорить о том, кто будет началом будущего года, Каждый из них хотел стать первым. Пока все спорили, мышь задумалась и сказала:

- Давайте будем смотреть на восход солнца, кто первым увидит его, тот и будет началом года.

Верблюд сразу согласился, так как он был самым высоким среди всех. Вот так все приготовились смотреть на восход солнца, а мышь в это время залезла на горб верблюда и увидела первая, вот так самый высокий верблюд остался без названия года.

